Музулманов Мелисбек Узеновичтин кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жана Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

# № 6 П Р О Т О К О Л У

Бишкек шаары 26.03.2021.

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т.- п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Муратов А.Ж.- п.и.д., профессор, 13.00.02
3. Омурбаева Д.К.- п.и.к. доцент, 13.00.02
4. Акматов К.К. - п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
5. Ахметова Н.А. - п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Бердибаева С.К. – пс.и.д., профессор 19.00.07
7. Добаев К.Д. - п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Елебесова С.А. - п.и.к. доцент, 13.00.02
9. Манликова М.Х. - п.и.д., профессор, 13.00.02
10. Мукамбетова А.С. - п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
11. Мураталиева Н.Х. -пс.и.к., доцент, 19.00.07
12. Мусаева В.И. - п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
13. Рысбаев С.К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
14. Сыдыкбаева М.М. - п.и.д., профессор, 13.00.02
15. Укуева Б.К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
16. Чыманов Ж.А. - п.и.д., профессор, 13.00.02
17. Шакеева Ч.А. - пс.и.д., профессор, 19.00.07

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар:**

1. Супатаева Э.А.- п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Абдраева Н.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
3. Сегизбаева Н.К.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
4. Абдыбекова Н.А.- п.и.к., КМДТжСАнын ага мугалими, 13.00.01
5. Касымалиева Г.О.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
6. Нуркулова М.Р.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
7. Куканова М.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02

Отурумдун торайымы: С. Т. Батаканова, п.и.д., профессор
Отурумдун катчысы: Д. К. Омурбаева, п.и.к., доцент

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. **Музулманов Мелисбек Узеновичтин "Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумдун торайымы п.и.д., профессор С.Т. Батаканова ачып, күн тартибиндеги каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи п.и.д., профессор А.Ж. Муратов дайындалып, 2012-жылдын 17-декабрында Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №4 чечими менен бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, проф. С.К. Рыбаев
2. Педагогика илимдеринин доктору, проф. Чыманов Ж.А
3. Педагогика илимдеринин кандидаты, доц. Абдрасулова Э.К.

Изилдөө Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор С.Т. Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү **Музулманов Мелисбек Узенович** төмөнкүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, изилдөөнүн максаты жана изилдөөнүн милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстанда ааламдашуунун таасиринен улам жаш адамдын руханий-маданий дүйнөсүндө, аң-сезиминде «батыштык» таасирлер күчтүү көрүнүп, мектеп окуучуларынын китеп окууга, анын ичинде адабий чыгармаларга кызыгуулары кескин төмөндөп кетти. Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасынын алкагында 2000-жылдан бери үч жылда бир жолу сунуш кылынган өлкөлөрдүн айрым мектептериндеги 15 жаштагы окуучуларынын билимин жана ошол алган билимдин негизинде жетишилген компетенттүүлүктөрүн изилдеп, окуучулардын окурмандык кызыгууларын жана сабаттуулугун текшерген, анын жыйынтыгында 2006-жылы 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 мамлекеттен 65-орунду ээледик. Эл аралык эксперттер Кыргызстанда 15 жаштагы окуучулардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт жана түшүнгөнүн айтып бере алат, калганы же такыр окуй албайт, окуганы да эмне окуп жатканын стандартка ылайык түшүндүрүп бере албайт деген жыйынтыкка келишкен.

Бул көрүнүштүн бир катар себептери бар. Алар, биринчиси, китеп жазуу, басып чыгаруу, элге жеткирүү тармагынын мамлекеттик колдоодон ажырап калышы; экинчиси, «массалык маданияттын» таасиринен улам китеп окууга

кызыгуунун төмөнкү деңгээлге түшүп калышы; китеп окууга үгүттөө жумуштарынын солгундугу ж.б. Алардын катарында мектептеги адабият сабактарында, класстан тышкаркы учурларда китеп окууга кызыктыруунун, китеп менен иштөөнү уюштуруунун, өткөрүүнүн методикасынын иштелип чыкпагандыгы да себеп болот. Бул багытта классикалык педагогдордун жана жазуучулардын (Ш.А. Амонашвили, В.Г. Белинский, Н.А. Добролюбов, А.М. Горький, Я.А. Коменский, Н.С. Крупская, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Л.Н. Толстой, К.Д. Ушинский, Н.Г. Чернышевский ж.б.) эмгектеринде китеп окуунун адам турмушундагы маанисине өзгөчө басым жасалган. Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистер (Б. Алымов, Б.М. Акматов, К.К. Акматов, С.Т. Батаканова, С.О. Байгазиев, К. Иманалиев, Н. Ишекеев, Н. Кангелдиев, Ү.Б. Култаева, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А.Ж. Муратов, С.К. Рысбаев, Б.К. Оторбаев, Д. Саалиева, А.Т. Саттарова, А. Турдугулов, В. Шнейдман ж.б.) жана мектеп мугалимдери (Б. Батыркулов, Б. Исаков, А. Сманбаев ж.б.) класстан тышкаркы окуу, анын методикалык жагдайлары тууралуу өз эмгектеринде аз да болсо токтолуп өтүшкөн, бирок алардын изилдөөлөрү ырааттуу, атайын максаттуу жана бир багыттуу болгон эмес.

Казак адабиятын окутуу методикасында Т.К. Жумажанованын «Научно-методические основы внеклассной работы по казахской литературе» аттуу темада докторлук диссертациясы, орус адабиятын окутуу боюнча Н.А. Бодрованын «Методика организации и проведения урокяяыов внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген эмгектери орто мектептерде класстан тышкаркы окуунун методикасына арналып жазылган.

Тема боюнча илимий адабияттарды талдоо, эмпирикалык байкоолор, биздин педагогикалык тажрыйбабыз бул багытта бир топ *карама-каршылыктар* орун алып келе жаткандыгын көрсөттү, алар: биринчиси, окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да чыгармачылык бул процесс азыркы мектеп практикасындагы формалдуу жүргүзүлүп, анын себептери ачылбай келгендегинде; экинчиси, класстан тышкаркы окуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аздыр-көптүр болсо да, бул иштердин атайын максатта изилденип чыкпагандыгы, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбагандыгы; үчүнчүсү, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн өтө зарыл болсо да, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүнүн методикалык негиздеринин дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерине таянылуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Биз изилдөөбүздө кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик стандарты, окуу программасы өзгөчө маани берген, бирок, кыргыз педагогикасында колго калынбай жаткан темага – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын карап жаткандыгыбыз да ушул актуалдуу тема менен шартталды.

Проблеманын ушундайча коюлушу *«Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»* деген аталыш менен изилдөөнүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн объекти** – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектептин кыргыз адабияты предметинде класстан тышкаркы окуунун уюштуруп өткөрүүнүн методикасын өркүндөтүүнүн илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты** – мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздерин иштеп чыгуу, аларды колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Темага ылайык философиялык, педагогикалык, психологиялык, социологиялык ж.б. теориялык-методологиялык адабияттарды анализдөө, кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун, өткөрүүнүн жалпы абалын жана проблемаларын аныктоо.
2. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иштердин мазмунун өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо.
3. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун, өткөрүүнүн формаларын, каражаттарын, окуучуларга жеткирүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо.
4. Иштелип чыккан методикалык сунуштардын оптималдуулугун илимий-эксперименталдык жол менен негиздөө.

Класстан тышкаркы окуу деген терминди биринчи жолу 1897-жылы В.П. Шереметевский пайдаланган. Бул ишмердүүлүк түздөн-түз адабиятты окутуу, көркөм адабий чыгармаларды окуу, кабыл алуу, адабияттын адамды өзгөртүүчү күчү, инсанды ар тараптан калыптандыруудагы анын ролу менен байланышат.

Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуу ишинин тарыхы түздөн түз орус адабиятын окуу илими жана практикасы менен байланышкандыгы айтылат, XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында орус педагогдору Х.Д. Алчевский, Н.А. Рубакин, А.П. Нечаев, Ц.П. Балталон окуу программасы классикалык адабият менен гана чектелбей, балдар өз кызыгууларына ылайык китептерди да окушунун зарылдыгын белгилешкен, бул жаш адамдардын коомго ыңгайлашуусунун бир көрүнүшү болгон. Ал кезде детектив («сыщицкая литература» деген түшүнүк кирген), приключения, фантастика өтүмдүү товарга айланган.

Ал эми кыргыз адабиятында класстан тышкаркы окуу боюнча алгачкы соз кылган окумуштуу К. Иманалиев. Ал 1955-жылы «Мугалимдер газетасына» «Орто мектептин жогорку класстарында кыргыз адабият сабагы боюнча класстан тышкаркы окуу иши» деген макаласын жарыялаган, 1984-жылы анын «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери» деген эмгегине «Кыргыз адабияты боюнча окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу» деген көлөмдүү макаласын (88-111-беттер)

киргизген. Биздин эмгекте ошол методист окумуштуунун эмгектерине обзор берилет. Класстан тышкаркы окуу боюнча К. Сабаева методист С. Андабеков менен бирге жазган «IV-VII класстарда адабияттык окуу» деген китебинде бул ишмердүүлүктүн мектеп практикасындагы ордун белгилесе, «Кыргыз адабияты боюнча класстан тышкаркы окуунун методикалык маселелери» деген методикалык колдонмосунда изилдөөнү андан ары тереңдеткен.

Класстан тышкаркы окуу ишинде жаңы табылгалар С. Рысбаев жетекчилик кылган окумуштуулар жана педагогдор тобу тарабынан даярдалган кыргыз мектептердин башталгыч класстары үчүн «Дил ачар», «Рабаят», «Дил азык», «Балапан», «Булак», «Жоогазын» деген аталыштардагы хрестоматияларында ишке ашырылды.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-лицей, №17 Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, Жалал-Абад областындыгы Аксы районуна караштуу №42 Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-гимназиясы, Баткен областындагы Баткен районундагы Жусуп Байжигитов атындагы, Ош областындагы Кара-Суу районундагы №107 Аманбай Жунусов атындагы орто мектептерин алдык.

Биздин педагогикалык эксперименттер 2012-2019-жылдарда 3 этапта өткөрүлдү. Биринчи этап – даярдоо этабы (2012-2013-жылдар), экинчи этап – изденүүчү этабы (2014-2016-жылдар), үчүнчү этап – окутуучу этабы (2017-2019-жылдар). Адегенде тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарын, максатын, милдеттерин, методдорун, натыйжаларын аныктадык жана аларды иште көрсөтүп бердик. Сурамжылоого 5-7-класстардан 182, 8-9-класстардан 111, 10-11-класстардан 86 окуучу катышты. Окуучулардын окурмандык кызыгуулары тематика, тек, жанр боюнча өз-өзүнчө аныкталды. Тема боюнча жалпы абалды билүү үчүн окуучулар анкетанын суроолоруна жооп берди; окуучулардын китепканадагы формулярлары үйрөнүлдү; ата-энелер менен аңгемелештик; класстан тышкаркы окуу боюнча дептерлери текшерилди; окуу боюнча күндөлүктөрү үйрөнүлдү ж.б.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында эң алгачкы жолу класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык талаптарга ылайык аныкталды; класстан тышкаркы окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылды; окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлдү; окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыкты; класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы адабият курстарынын баскычтарына, окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөчөлүктөрдү чагылдырылды; сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу деп эсептелингендери практикага сунушталды.

Диссертант изилдөө ишин тааныштыргандан кийин төрайым С.Т.Батаканова изденүүчү изилдөө ишин тааныштыруусун аяктады. Изденүүчүнүн изилдөө ишине карата кимде суроо бар деп кайрылды.

**В.Мусаева:** Менде суроо бар. Мелисбек Узенович айтсаңыз. Сиздин темаңыз класстан тышкаркы окуу экен, биз билебиз окууга кызыктыруу башталгыч класстан башталат, башталгыч класстын класстан тышкаркы окуусуна токтолдуңузбу?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат, Венера Инаятовна!

Биз илимий ишибизде 5-9-класстардагы класстан тышкаркы окулуучу чыгармаларды изилдөөгө алганбыз. Ал эми башталгыч класстардын класстан тышкаркы окуусу боюнча диссертациянын "Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор" деп аталган бөлүмүндө токтолгонбуз. Негизинен башталгыч класстардагы класстан тышкаркы окуу С.Рысбаев баштаган чыгаан окумуштуулар тарабынан колго алынып, жакшы жолго коюлган.

**В.Мусаева:** Көркөм чыгарма менен биз окуучуларды тарбиялайбыз. Хрестоматияга кошулган М.Байжиевдин "Бир тоголок самын" чыгармасынын окуучу үчүн кандай идеялык-тематикалык мааниси бар?

**Изденүүчү:** М.Байжиевдин "Бир тоголок самын" аңгемесин биз класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар үчүн түзгөн программабызда 9-класстын окуучуларына сунуштаганбыз. Бул чыгарма аркылуу окуучу үй-бүлөлүк тарбиянын маанилүүлүгү, балалык баёо сезимдин тазалыгы, элдик баалуулуктардын, каада-салттардын жашоодогу орду сыяктуу баалуулуктар менен тааныша алат.

**А.Мукамбетова:** Азыркы мезгилдеги кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштер эгемендүүлүк алганга чейинки СССР мезгилиндегилерден эмнеси менен айырмаланат?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат. Негизи ага чейин көйгөй катары каралып келгени менен 1964-1965-окуу жылы үчүн программада IX-XI класстарга өз алдынча окуу үчүн деп он беш чыгарма сунуш кылынган, бирок алардын көчүлүгү котормо болгон. 1982-жылы чыккан программада да класстан тышкаркы окууга тизме берилген. Анда атайын тиркемеде класстан тышкаркы окуу үчүн 4-6-класстарга чыгармалар сунушталып, алар бир нече бөлүмгө бөлүнгөн: кыргыз фольлорунун үлгүлөрү; кыргыз эл акындарынын чыгармалары; классикалык орус адабияты; совет адабияты; кыргыз совет адабияты; боордош элдердин адабияты; чет элдер адабияты.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин 1992-жылы 15-майда КРдин элге билим берүү министрлиги мектептердин 1992-1993-окуу жылына карата жаңы окуу планын сунуштаган, ага ылайык кыргыз адабиятына бөлүнгөн сааттардын саны мурдагы 490 сааттын ордуна 714 саатка көбөйгөн, б.а., V-XI класстарда жумасына үчтөн саат белгиленип, ар бир класска жалпы окуу жылы үчүн 102 сааттан бөлүнгөн. Бул окуу планынын негизинде Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунда жаңы окуу программасы иштелип чыккан. Ал программага ылайык ар бир класска

класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар үчүн атайын сааттар каралган, ал албетте эгемендүүлүк жылдарындагы артыкчылык катары баалоого болот.

**А.Мукамбетова:** Жакшы. Анан сизге дагы экинчи суроо? Эксперименттерди жүргүзүүдө кандай критерийлерге эске алдыңар?

**Изденүүчү:**

**А.Мукамбетова:** Мындан бир канча жыл мурун Г.Назарбекова класстан тышкаркы иштерди уюштуруу боюнча илимий изилдөө жүргүзгөн. Сиздин класстан тышкаркы иштерди уюштуруу изилдөөңүз анын изилдөөсүнөн эмнеси менен айырмаланат?

**Изденүүчү:** Г. Назарбекова кыргыз тили сабагынан класстан тышкаркы уюштурулуучу иштер боюнча изилдө жүргүзгөн, ал эми биздин илимий изилдөө мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштерди уюштурунун жана өткөрүүнүн методикасы болуп эсептелет. Өзүңүзгө маалым болгондой кыргыз тили менен кыргыз адабияты башка-башка предметтер.

**М.Сыдыкбаева:** Мелисбек Узенович, илимде бир топ теминдерди которбой эле пайдаланууга болот. Бирок, сиздин илимий ишиңизде жүргөн "заказ", "личностук", "прогресс" деген сөздөрдү которууга болот деп эсептейм. Коргоого эске алсаңыз.

**Изденүүчү:** Сунушуңузга ырахмат. Эске алам.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз сизде Нурлана Алымкуловна!

**Н.Ахметова:** Сиздин ишиңизде окуу фильмдерин көрсөтүү деп турат. Окуу фильмдери барбы?

**Изденүүчү:** Суроoңузга ырахмат. Биздин иш класстан тышкаркы окуу болгондуктан чыгармалардын негизинде тартылган көркөм фильмдерди да көрсөтүүгө, көркөм чыгарманы мыкты түшүндүрүү үчүн аны талкуулоого болот. Бирок окуу фильмдери жок. Котормодо ката кеткен окшойбуз. Муну эске алабыз.

**Н.Ахметова:** Скажите есть какой-нибудь учебник по внеклассной чтении, или же вы сами какой-то учебник составили?

**Изденүүчү:** Суроoңузга ырахмат! Баяндамада токтолгондой кыргыз адабияты боюнча башталгыч класстар үчүн гана атайын китептер даярдалган. Бирок кыргыз тилинде даярдалган атайын жогорку класстар үчүн окуу китеби жок азырча. Биз кыргыз адабиятынан 5-9-класстар үчүн класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын программасын түзүп анын негизинде хрестоматия иштеп чыктык. Хрестоматия сунушталган чыгармалар жана алардын үстүнөн иштөө үчүн суроо-тапшырмалардан турат. Ар бир класстын жаш өзгөчөлүгү эске алынып, түрдүү жанрдагы чыгармалар камтылды.

**Н.Ахметова:** А методикалык колдонмо барбы?

**Изденүүчү:** Ооба методикалык колдонмо бар. Класстан тышкаркы өтүлүүчү сабактардын иштелмелери жана окуучунун чыгармаларды канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн билүү, окурмандык кызыгуусун арттыруу максатында Жаш окурмандын күндөлүгү да иштеп чыкканбыз. Класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын негизинде сабактын иштелмелерин да топтоштурдук.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз Минавар Халыковнага берилет.

**М.Манликова:** Мне интересно, по внеклассному чтении по каждому классу 7-8 и общее количество - 31 часов, включены в программу? И вы поэтому разработали свои уроки внеклассного чтения и сколько часов указано в вашей программе?

**Изденүүчү:** 31 саат.

**М.Манликова:** Ну, по классам тоже расскажите.

**Изденүүчү:** 5-класс 6 саат, 6-класс 4 саат, 7-класс 7 саат, 8-класс 4 саат, 9-класс 10 саат. Бул сааттар кыргыз адабиятынын орто мектептер үчүн түзүлгөн программасында көрсөтүлгөн.

**М.Манликова:** Понятно. А теперь следущий вопрос, вот смотрите. Вы пишите, что разработали такие-то, такие-то методы, методики и так далее. И с каждым классом вы проводили внеклассные чтения да, как вы проводили занятия? Или вы просто давали перечень: игры, сочинение, конспекты, доклад и так далее. Но, когда вы их проводили? Сколько раз в неделю? Вообщем какая была организация этого внеклассного чтения? Можно привести примеры? Когда они собирались? Вне урока? Когда? Где?

**Изденүүчү:** Чон ырахмат, суроонузга. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар үчүн атайын саат бөлүнгөн. Бул класстан тышкаркы окуу дегени менен кадимкидей элес класстын ичиндеги сабак. Көбүнчө биз класстагы адабият сабагында эле кийинки сабак класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар жөнүндө болорун эскертип коёбуз. Окуучулдар даярданып келишет. Кийинки сабакта демек программадан сырткаркы, окуу китебине камтылбаган чыгарма жөнүндө сүйлөшөбүз. Мугалимдин календарлык планында класстан тышкаркы окулуучу чыгармалар үчүн атайын саат каралган.

**М.Манликова:** А вот эти внеклассные чтения включены в расписание?

**Изденүүчү:** Ооба расписаниеде коюлган сабактын негизинде өтүлүүчү сабак. Негизи бул сабак адабият предметинин ичиндеги сабак болуп эсептелинет.

**М.Манликова:** Как это ичинде? Если ичинде, как вы проводите классные занятия, тогда почему это внеклассное чтение? Как вы успеваете осваивать программу по классному чтению? Там своя проблема, свои произведения.

**Изденүүчү:** Мугалимге берилген адабият сабагында класстан тышкаркы окууга атайын саат бөлүнөт. Аны мугалим жыл ичине 4 чейрекке өзүнө ыңгайлуу кылып бөлүп алат. Ошондуктан сабактын ичинде деп атабыз. Класстан тышкаркы окуу – окуучунун сабактан сырткаркы мезгилде башка китептер менен таанышуусу, башка чыгармаларды окуусун көзөмөлдөө үчүн атайын саат.

**М.Манликова:** А понятно. Сабактын ичинде десеңиз конечно непонятно. Значит помимо занятий у вас часы выделены по каждому классу внеклассного чтения. Вот, хорошо, они пишут сочинение, эссе, доклад, конспекты, игры и т.д. Потом вы пишите: таблица уровень усвоения

внеклассного чтения в результате эксперимента. Это в каких классах? У вас 5 классов. Какие классы вы даёте на этот уровень?

**Изденүүчү:** Ырахмат. Минавар Халыковна биз баалоонун критерийлерин өзүбүздүн диссертациялык ишибизде бергенбиз. Чыгармаларадын түрлөрү боюнча, эң жакшы баа алуу үчүн окуучу кандай билгичтиктерге ээ болушу керек аны да белгилегенбиз. Бул сунушуңузду эске алып кийинкиде ушул авторефератка кошуп коёбуз.

**Диссертант М.У.Музулмановдун жоопторунан кийин, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү дисскуссия кылышып, өз ойлорун ортого салышыи колдоого болорлугун айтышты.**

**С.Батаканова:** Ырахмат. Кимде суроо бар? Жок болсо талкууга өтөлү. Ким сүйлөйт? Илимий жетекчиси сөз сурап жатат. Абдыкерим Жаркынбаевич сөз сизде.

**А.Муратов:** Бул изденүүчүнү тандап алганыбыз 2-3 нерсе менен түшүндүрүлөт. Мелисбек 2014-жылы жылдын мыкты мугалим конкурсунун Республикалык жеңүүчүсү болгон. Ошондо ишине көңүл бурулган. Мектепте практик мугалим катары баарын өзү сыноодон өткргөн. Бул теманы алганыбыз, орус адабиятында да ушундай да, класстан тышкаркы окуу дейт, ал үчүн программада атайын тизме берилет. Мисалга 7-класска 10 чакты чыгарманы окуп келгиле дейт. Кыргыз адабиятында буга да атайын саат берилет. Бирок, тилекке каршы көбүнчө баякы өтүлбөй калган сааттар, өзгөчө советтик мезгилде пахта терүүгө, тамекиге, сакманга кеткен күндөрдүн эсебинен кыскартып коюшчу да. Анан окуу китебинде берилген чыгарамаларды өтүшөт эле. Эң эффективдүү окутуу класстан тышкаркы окуу. Себеби, мында көбүнчө чыгармалар үйдөн окулат да, класста талкуулайт, демек, мугалимге караганда окуучунун ишмердүүлүгү көбүрөөк ишке ашат. Мындан сырткары хрестоматиясын иштеп чыкты, монографиясын да иштеди. СКОПСка 2 мкаласын чыгарды, бул да чоң жетишкендик. Андыктан колдоого чакырам.

**В.Мусаева:** Мелисбек Узеновичтин алган темасы абдан актуалдуу. Анткени мектеп окуучуларынын китеп окууга болгон кызыгуусу абдан төмөн экендиги анык. Анан биринчи главасын абдан мыкты аткарылгандыгын белгилегим келет. 2-глава дагы жакшы иштелген. Ушул 3-главаны бир аз кеңейтип койсо болду.

**Н.Ахметова:** Мелисбек Музулманов выбрал очень актуальную тему. Потому что развивают самостоятельную работу, вот так они будут постепенно учиться и перейдут в университет, видите до 9 класса внеклассное чтение существует. А в университете 30 процентов самостоятелной работы. И вы говорили о тѳм, что учебников почти нет. Вы сами создали хрестоматию, я специально посмотрела эту хрестоматию. У меня небольшое замечание: у вас положения, выносимые на защиту диссертации немножечко не так составлены. Вот у вас 5 пунктов, но вы нигде не говорите об эксперименте. Это самое главное.

**К.Акматов:** Мен Мелисбек Узеновичти жакындан билген адам катары

айтайын. Студент мезгилинен сабак бердим университетте. 2-курсунан баштап мектепте иштеди. Өзү жасаган нерселерин айтуудан да сүрдөп турат. Анткени диссертация абдан бай. Класстан тышкаркы окууга сунушталган чыгармалардын баарына, тактап айтканда 31 сабактын баарына иштелмелерди иштеп чыккан. Андан сырткары “Жаш окурмандын күндөлүгү” деген методикалык кодонмо иштеп чыккан.

**М.Манликова:** Уважаемые коллеги если я задаю много вопросов это не означает, что я против. Сама тема, сама работа исследование провединия соискателя очень важная и нужная. Несмотря на то, что по внеклассной чтение по русской литературе было много исследований, много монографий, много методических рекомандации, хрестоматии и так далее по кыргызской литературе с 1982 года заканчиваются, и больше ничего нет, уже 40 лет. Поэтому благодарю соискателя за то, что выбрал такую тему. Я задаю вопросы потому что всё что сделано соискателя не осталось за бортом. Осталось за пределами этого автореферата. Я задаю вопрос где? Потому что надо показать работу на автореферате. А так у меня нет никаких сомнений не вызывает. Вся работа проверенна, хорошая.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Анда сөз эксперттик топтун мүчөсү Ж.Чымановго берилет.

Ж.Чыманов: Урматтуу кесиптештер бүгүнкү талкууланып жаткан диссертациялык иш боюнча пикир айтууда бул эле эмес башка илимий диссертацияларга мүнөздүү болгон жалпы бир кемчиликти айтып кетүүгө уруксат бериңиздер. Сөз изилдөөнүн обьектиси, предмети, максаты жөнүндө болмокчу. Андыктан төмөнкүдөй кылып өзгөртүп койсо:

**Изилдөөнүн объекти** – орто мектепте кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуу иш аракеттери.

**Изилдөөнүн максаты** – орто мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын иштеп чыгуу, педагогикалык эксперименттен өткөрүү жана практикада колдонууга сунуш кылуу.

Мындан сырткары дагы бир кемчилигибиз изденүүчүнүн жеке салымы деген жерде. Ага да төмөнкүдөй өзгөртүү киргизип койсок:

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Изилдөөнүн темасына жана максатына ылайык илимий-методикалык адабияттар жекече окулуп-үйрөнүлүп, класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы изденүүчү тарабынан да өз алдынча иштелди. Педагогикалык эксперименттик иш-аракеттер изденүүчүнүн өзү тарабынан жана анын көрсөтмөлөрү менен мугалимдер тарабынан ишке ашырылды. Жалпы жыйынтык жана практикалык сунуштар өз алдынча чыгарылды.

Ал эми коргоого коюлуучу негизги жоболор деген жерине да айрым бир толуктоолорду киргизүү керек.

Кол жазма укугунда УДК алып коюу керек. Жыйынтыктап айтканда биз Мелисбек Музулмановдун ишин коргоого сунуштайбыз.

Эксперттин төрагасы, п.и.д., профессор С.К. Рысбаев экинчи эксперт Э.Абдрасулованын пикири менен тааныштырып коргоого сунуштоого макул экендигин билдиргенин айтты. Өзүнүн пикирин да билдирди:

Класстан тышкаркы окуунун негизги өзгөчөлүктөрүнө мыкты деңгээлде аныктама бере алган. Бул аркылуу илимий иштин ички мазмунун мыкты, жеңил, сабаттуу, эркин, элпек жазылгандыгын белгилүүгө болот.

1. Сабак (класстык иш) менен сабактан (класстан) тышкаркы иштердин биримдигинен келип чыгуучу адабий билим берүүнүн бир формасы.
2. Талкууга алынуучу чыгармаларды эркин тандоого укук берилүүчү педагогикалык аянтча.
3. Соңку адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышуунун кеңири мүмкүнчүлүгү.
4. Окуу программаларына, окуу китептерине берилген эркиндик.
5. Окуучунун окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүнүн маанилүү фактору.
6. Окурмандык кызыгууларды калыптандыруунун эң мыкты звенолорун бири.

**Биринчи расмий оппонент** – Кыргыз билим берүү академиясынын башкы адиси, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев С.К;

**Экинчи расмий оппонент** – Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Шералиева А.

**Жетектөөчү мекеме** – Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары.

Төрайым аталган 2 оппонентке жана жетектөөчү мекемеге макул болушса, кол көтөрүп коюусун суранды. Баары макул. Каршы жок. Калыс жок.

Изденүүчү **13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Музулманов Мелисбек Узеновичтин “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы”** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы коргоого сунушталсын.

Бардыгы – 17. Макул – 17. Каршы – 0. Калыс – 0

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторун жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты (доктору) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Музулманов Мелисбек Узеновичтин “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштурунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Музулманов Мелисбек Узеновичтин “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштурунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**п.и.д., профессор** **С. Т. Батаканова**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент** **Д. К. Омурбаева**